АКЧАГА АЯР БОЛ



# Сомго узак өмүр берели




**Кыргызстандын акча бирдиктери талапка ылайык суу белгисин жана андан башка көптөгөн коргоо элементтерин камтыган атайын пахта кагазында жогорку деңгээлдеги басма менен басылып даярдалат. Бирок беш кол тең эмес дегендей ар бир адам акчаны ар кандай колдонот эмеспи. Андыктан банкнотторго кош көңүл мамиле кылуу, алардын эскирип, жыртылып жараксыз болуп калуусуна алып келет.**




## Эскилиги жеткен жана жараксыз банкноттор кандай болот?

Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндөгү" мыйзамында Улуттук банктын акча белгилерин эмиссия кылуу (басып чыгаруу) жана нак акча жүгүртүүнү уюштуруу боюнча өзгөчө укуктары бекитилген. Ушул мыйзамдын негизинде, Улуттук банк тарабынан жүгүртүүгө чыгарылуучу банкноттордун коргоо белгилерин жана аларды алмаштыруу тартибин, ошондой эле керектен чыккан жана жүгүртүүдөн алынган банкнотторду жана монеталарды жок кылуу тартибин аныктоочу ченемдик-укуктук актылар иштелип чыккан. Бекитилген ченемдик актыларга ылайык, улуттук валютанын банкнотторунун жана монеталарынын жараксыздыгын жана эскилигин далилдөөчү критерийлер болуп төмөнкүлөр саналат:

- тешилип, жыртылып, бурчтары жана четтери жок болуп калган, ошондой эле экиге бөлүнүп кайра чапталган банкноттор;
- боёкторго малынып, май же турмуш тиричиликтеги реагенттер менен булганган жана баштапкы өңүн өзгөрткөн;
- эскирген, кирдеген, жуулган, күйгөн жана башка ушул сыяктуу банкноттор;
- баштапкы формасы өзгөргөн (ийилген, мырыйган, өгөлөнгөн) бирок алдыңкы жана арткы бетинде сүрөттөлүшү сакталган монеталар;
- жогорку температуранын жана башка алардын өзгөрүшүнө түрткү берген кесепеттүү жагдайлардын таасирине кабылган монеталар (эритилген, оюлуп калган, түсүн өзгөрткөн);
- максаттуу түрдө өзгөртүү жасалган аракеттерге кабылган, же болбосо текстине, цифрасына жана башка сүрөттөрүнө деталдар кошулган банкноттор жана монеталар.




## Алмаштыруу тартиби: кантип, кайда, качан жүргүзүлөт?

Кыргызстандагы бардык коммерциялык банктардын кассаларында, улуттук валютанын эскилиги жеткен жана жараксыз банкнотторун эч тоскоолдуксуз, акысыз алмаштырууга болоорун көп жарандар билишпейт. Эгерде эскирген, кемчиликтери бар же жараксыз деп саналган банкноттордун 80 пайыздан ашык көлөмү сакталып калса, анда бардык коммерциялык банкка барып аны өз наркына алмаштырууга мүмкүнчүлүк бар. Ал эми аянтынын 50дөн 80 пайызына чейин сакталып калган банкнотторду Улуттук банктын борбордук жана облайстык мекемелеринин кассаларында алмаштырат. Бул жерде баса белгилеп кетчү жагдай, банкноттун 51 пайыздан кем эмес аянты сакталып калса, анда банкнота өз номиналына алмаштырылып берилет. 50 пайыз көлөмү сакталып калган учурда банкнотанын номиналынын 50 пайызына алмаштырууга болот. Мисалы 100 сомдун жарымы болсо, ал үчүн 50 сом алууга мүмкүн. А эгер акча бирдигинин 50 пайыздан кем көлөмү гана калса, ал банкноттор жараксыз деп эсептелинет жана алмаштырылбайт.

Эскилиги жеткен жана жараксыз болгон банкнотторду алмаштыруу, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын борбордук жана облайстык мекемелеринде, аптанын бардык иш күндөрү саат 9.00 дан 12.00 ге чейин ишке ашырылат.

## Эгер сиздин акчаңызды алмаштырбай койсо

Эскилиги жеткен жана жараксыз болуп калган улуттук валютанын банкнотторун жана монеталарын негизсиз кабыл албай койгон банк кызматкерлерин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жоопкерчиликке тартуу каралган. Тагыраак айтканда, Кыргыз Республикасынын Администрациялык жоопкерчилик жөнүндө Кодексинин 362-беренесинде "Кыргыз Республикасынын улуттук валютасын төлөөгө кабыл алуудан негизсиз баш тартуу – бештен отузга чейинки эсептешүү көрсөткүчүнүн өлчөмүндө административдик айып салуу каралган" деп жазылган. Акчага айлантып айтканда бул айыптын өлчөмү 500 сомдон 3000 сомго чейинки сумманы түзөт.





## Биздин өлкөдө акча кармоо маданияты барбы?

Акчанын керектен чыгышы мыйзам ченемдүү көрүнүш. Бирок элдин акча кармоо маданиятынын төмөндүгүнөн жылдан-жылга Улуттук банк тарабынан жок кылынуучу эски акчалардын көлөмү өсүп жатат. Бул көрсөткүч өлкөбүз үчүн олуттуу чыгым алып келүүдө. Өз учурунда соода түйүнүндө же транспортто эскирген, жыртылган же кир банкнотаны берип коюшса, кыжырыбыз кайнап албай коёбуз, же болбосо андан кайра кутулганча шашабыз. Мындай көрүнүштөрдүн келип чыгышына биз өзүбүз күнөөлүбүз. Андыктан, аны болтурбоого аракет жасашыбыз керек.

Биринчи кезекте, улуттук валютабыз кыргыз сомуна көз карандысыздыктын бирден бир символу, улуттун байлыгы катары аяр жана сый мамиле кылуубуз абзел. Экинчиден, банкнотторду бүктөп, томолоктоп чөнтөккө салбай, дайым капчыкта сактоо керек. Андыктан, эгерде колуңузга эскирген акча тийип калса, кайра жүгүртүүгө чыгарбай, жакын жайгашкан коммерциялык банктын сактык кассасына же бөлүмүнүн кассасында жараксыз банкнотторго алмаштыруу зарыл. Ушул жөнөкөй эрежелерди аткаруу менен, акчага аяр мамиле кылуу маданияты жогорулап, банкнотанын колдонуу мөөнөтү узарып, сомго узак өмүр берер элек…

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Нак акча менен иш алып баруу башкармалыгынан Кассалык операциялар бөлүмүнүн башкы экономисти Саякпаев Муктар Кылычбекович**